**Алыкулова Гүлбү Корошовнанын "КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН РОССИЯНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН КЫЗМАТТАШТЫГЫ (1991-2011-жж.)" аттуу 07. 00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясына карата И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.20.624 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү тарых илимдеринин доктору профессор Абытов Байболот Капаровичтин**

**КОРУТУНДУСУ**

Д.07.20.624 диссертациялык Кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү тарых илимдеринин доктору профессор Абытов Байболот Капарович изденүүчү Алыкулова Гүлбү Корошовнанын 07. 00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген "Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)"деген темадагы диссертациясын **карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди**:

**1. 07.00.02.-Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча даярдалган иштин диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү **Алыкулова Гүлбү Корошовнанын** "Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)" **аттуу кандидаттык диссертациясынын жалпы маани-маңызы, мазмуну** 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча ведомстволор аралык **Д.07.20.624** Диссертациялык кеңешине коргоо укугу боюнча адистикке дал келет. Диссертациялык иш 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет. **Аталган диссертациялык иш** боюнча изилдөөлөр архивдик материалдардын, укуктук-ченемдик документтердин, эки өлкөнүн окумуштууларынын илимий эмгектеринде жана массалык маалымат каражаттарынын беттеринде чагылдырылган материалдарга таянып, тарыхый эмгектерди изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин эске алуу менен каралып жаткан проблеманы хронологиялык ырааттуулукта, 1991-2011-жылдардагы Кыргызстан менен Россиянын бир катар жогорку окуу жайларындагы байланыштардын натыйжасындагы кызматташтыктардын калыптанышы, алардын өнүгүшү боюнча интеграциялануусун негизги багыттарын, калыптанган тажрыйбаларын жалпылап, бул тармактагы көйгөйлөрдү комплекстүү түрдө изилдеп тарыхый таризде илимий жыйынтыктар чыгарылган.

Диссертациянын шифрине изилдөөнүн мазмуну туура келет.

**2.Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган.**

Азыркы мезгилдеги ааламдашуу жараянынын алкагында атандаштыкка туруктуу, билимдүү, интеллектуалдуу жактан өнүккөн коом жашап калышы айгине болуп калды. Дүйнөлүк коомчулук билим берүү жараянын андан ары өнүктүрүүдө жаңы, креативдүү ыкмаларды, жолдорду, багыттарды табуунун аракетин жасап жатышат. Эгемендүү Кыргыз мамлекети өзүнүн стратегиялык программаларында

жогорку билим берүүнү, анын сапатын жогорулатууну өнүгүүнүн эң маанилүү, приоритеттүү багыты жана инструменти катары баалап келет. Кыргыз коому өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө дайыма жаңы билимдерге, руханий баалуулуктарды түзүүгө, аларды өнүктүрүүгө жана сактоого аракет кылып келгендиги баарыбызга маалым. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу жараяны койгон талаптарды, жаңы технологияларды ийгиликтүү ишке ашырууда ишенимдүү өнөктөштөр менен гана чечүү мүмкүн экендиги белгилүү. Бул таризден алганда Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү жаатындагы өз ара карым-катнашы кызматташтыгынын тарыхы кенен жана тажрыйбасы мол. Кыргызстандын бул тармакта интеграцияга багыт алуусу, билим берүү системасын модернизациялоого кадам ташташы, тийиштүү улуттук концепцияларды, программаларды, мыйзамдарды кабыл алуусу алкоого татырлык иш болгон. Азыркы коомдук өнүгүштө, анын ичинде билим берүү системасындагы пайда болгон татаал проблемалар өлкөлөрдүн бири-бири менен болгон кызматташтыгын күчөтүү менен биргелешип чечүүнү талап кылат. Демек, изилдөөгө алган теманын актуалдуулугун төмөнкү факторлор аркылуу негиздөөгө болот. *Биринчиден,* өлкө эгемендик алгандан кийин билим берүүдө ачыктык, эл аралык стандарттарга умтулуу мезгили башталган эле. Ошондуктан, эгемен Кыргызстандын билим берүү саясаты заман талабына ылайык жаңы баалуулуктарга умтулган, аларга артыкчылык берген. Бирок талдоого алынган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки жаңылануyга багыт алган тарыхый мезгил жогорку билим берүү системасындагы татаал тандоону, айрым тобокелдикке барууну жана кризиске кабылуу сыяктуу оор сыноолор, шарттар менен коштолду. Ушундай татаал кырдаалда Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсү Кыргызстанга салыштырганда ырааттуу жана туруктуу мүнөздө болгону менен айырмаланган. Бул учурда Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык мейкиндикке кошулуусуна Россия Федерациясы жана анын жогорку окуу жайлары өлкөбүзгө интеллектуалдык, гуманитардык жана материалдык колдоо көрсөтүп кандайдыр бир көпүрө катары да милдет өтөдү десек болот. Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына окуу-усулдук, илимий, ресурстук, каржылык жана тажырыйбалык колдоолорду тынбай көрсөтүп келет. Ошондой эле жыл сайын кыргызстандык жүздөгөн жаштардын жогорку кесиптик билим алуусу үчүн Россиянын бир нече жогорку окуу жайлары эшигин ачат. Айрыкча, мындай колдоолор өлкө эгемендүүлүккө жеткен алгачкы жыйырма жылдыкта Кыргызстан үчүн абдан чоң мааниге ээ болгон. Эки өлкөнүн ортосундагы жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар, билим берүүдөгү реформаларды рационалдуу жүргүзүүгө көмөктөшкөн жана бул мезгилде Кыргызстан менен Россиянын билим берүү тармагындагы өз ара кызматташуусунун жаңы этабы башталган. Ошентип Кыргызстан менен Орусия Федерациясы бул мезгилге чейин бирдиктүү советтик системада карым-катнаштык мамиледе болуп келсе, 1991-жылдан баштап эки өлкөнүн мамилеси анын ичинде билим берүү системасы, жогорку окуу жайлары жаңы саясий эгемендик кырдаалда, рыноктук өз ара байланышта калыптанган жана өнүгө баштаган. Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын бул жаңы тарыхый шарттагы өз ара байланышы биздин Ата мекендик тарыхчы-окумуштуулар тарабынан атайын илимий изилдөөгө алына элек. *Экинчиден,* Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын бир катар жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштары тарыхый жактан узак мезгилди камтыганы жана ар тараптуулугу менен да айырмаланып

турат. Айрыкча бул кызматташтыктын биз иликтөөгө алган 1991-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилдеги тарыхый орду өзгөчө мааниге ээ болгон. Эки өлкө ортосундагы жогорку билим чөйрөсүндөгү өз ара байланыштар Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, өлкөлөрдүн мамлекеттер аралык ар тараптуу кызматташуусунда чоң роль ойноду. Бул аралыкта Россиянын алдыңкы жогорку окуу жайларынан кыргызстандык көптөгөн уландар, кыздар өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зарыл болгон, заманбап адистиктер боюнча кесиптик билим ала алышты.

Эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарынын негизги багыттарын аныктоо, алардын маанисин тарыхый талдоого алуу, келечегин тактоо, Кыргызстан менен Россиянын мындан аркы бул чөйрөдөгү кызматташууларынын дагы жакшыруусуна жана өнүгүүсүнө өбөлгө болоору шексиз. Мына ушул жагдайлар теманын **актуалдуулугун** айгинелейт. Жогорудагылардын баары диссертант иликтөөгө бел байлаган теманын **актуалдуулугун** баса белгилейт. Демек, автор аталган теманы тарыхый таризде биринчилерден болуп кыргыз тарыхнамэсинде илимий иликтөөгө алганын да белгилөө абзел.

**Диссертациянын максаты** - Кыргызстандын эгемендүүлүк жана көз карандысыздык мезгилиндеги жана рыноктук шарттардагы Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы байланыштардын негизги багыттарын, бул тармактагы интеграциялык жараяндарынын ишке ашуусун, анын көрсөткүчү катары КР(С)У ишмердүүлүгүн, эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын байланыштарындагы көйгөйлөрдү, алардын келечеги тууралуу илимий изилдөө жана талдоо болуп саналат. Илимий изилдөөнүн темасына жана алдыга коюлган маселелердин актуалдуулугуна байланыштуу, тиешелүү көйгөйлөрдүн чечилишине тарыхый булактар, көптөгөн фактылык материалдар аркылуу салыштыруу жолу менен илимий баа берүү, комплекстүү иликтөө максат болгон.

Коюлган **максаттар** төмөнкү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

- Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгынын тарыхнаамесине, булактык базасына жана методологиялык негиздерине токтолгон.
- Интеграциялык жараяндардын контекстинде Кыргызстан менен Россиянын инженердик-техникалык жана социалдык-гуманитардык багытта бир катар жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташуусунун багыттары изилденген жана талданган.
- Эки мамлекеттин жогорку окуу жайларынын интеграциялануусунун жетишкендиги катары Кыргыз – Россия (Славян) университетинин (КРСУ) кызматташтыгын ар тарптан изилдөөгө алган.
- Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын кээ бир жогорку окуу жайларынын кызматташуусунун келечегиндеги жаңы багыттарды сунуштарды жана жыйынтыктарды иштеп чыккан.

**Изилдөөнүн обьектиси:** 20 жыл же 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын бир катар жогорку окуу жайларынын кызматташтыгын изилдөө болуп саналат. Изилдөөдө жаңы тарыхый шарттагы өлкөлөрдүн жогорку билим берүү жаатында кызматташтыгынын орду жана жаш адистерди даярдоонун жолдору конкреттүү мисалдар менен көрсөтүлгөн.

**Диссертациянын предмети** катары 1991-2011-жылдардагы эки өлкөдөгү жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштардын негизги багыттары жана интеграциялык жараяндар, аларды ишке ашыруудагы тажрыйбалар, жетишкендиктер жана алардын келечеги, көйгөйлөр илимий талдоого алынган.

**Иликтөөнүн ыкмалары:** Изилдөө учурунда жалпы: тарыхый-салыштырма, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-типологиялык ыкмалар колдонулган. Диссертацияда коюлган маселе ушундай кенен методологилык негиздерге, ыкмаларга муктаж. 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара кызматташтыкты изилдөөгө алууда иликтөөгө алган маселелерди конкреттүү тарыхый өңүттөн кароого мүмкүнчүлүк берген. Изилдөөнүн методологиялык негиздери диссертациянын II баптын 2-бөлүгүндө каралган.

### 3. Илимий жыйынтыктар.

Эксперттик комиссиянын назарына коюлган диссертациялык изилдөөдө Ата мекендик тарых илиминин өнүгүшүнө бир катар жаңы илимий-практикалык тарыхнаамэлик жыйынтыктар чыгарылган. Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** Эмгекте изденүүчү Г.Алыкулова Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын бир катар жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын эгемендүүлүктүн алгачкы 20 жылындагы калыптанышын, өнүгүшүн, архивдик маалыматтык булактардын, статистикалык маалыматтарды илимий анализге алуу менен теманын актуалдуулугун эмгектин киришүү бөлүгүндө көрсөткөн.

***2-жыйынтык.*** Иликтөөчү диссертациялык ишинин максаты менен милдеттерине жараша теманын тарыхнаамалык маалыматтарын кароону эки багытта жүргүзгөн (кыргызстандык жана орусиялык). Теманын көп аспективдүүлүгү түрдүү багыттагы илимий адабияттарды, отчеттук материалдарды талдоону жана анализди талап кылган. *Биринчиси,* Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштар маселесине арналган илимий изилдөөлөрдү талдоо болгон. *Экинчиси*, бул өз ара байланыштардын жыйынтыктары катары Кыргызстандын жана Россиянын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция болуу далалатына арналган илимий адабияттарга да көңүл бурулган *(I бап 1.1. бөлүм).*

***3-жыйынтык.*** Изилдөөгө алынган проблеманын Россиянын тарыхнаамесинде чагылдырылышы, кандай болгондо да бул маселе боюнча Россияда атайын комплекстүү түрдө изилдөөгө алынбагандыгы көрсөтүлгөн. Изилдөө камтыган тарыхый хронологиядагы Россия тарыхнаамесинде илимий адабияттар азыраак экени баса белгиленген. Диссертант изилдеген проблема боюнча Россиянын бир катар окумуштууларынын эмгектеринде түздөн-түз эмес, кыйыр түрдө тиешеси бар бир топ эмгектер бар экени белгиленген. Ал эмгектерде билим берүүдөгү интеграция жараянын Россияда, КМШда жана дүйнөдө обөективдүү жараян экенин белгилешип, ал бир гана өлкө жетекчилердин аракети болбостон, анын реалдуу негизи элдерди, социалдык топторду жана жалпы эле адамдарды бириктирүүчү өзүнчө бир баалуулуктардын системасы экендигин баса белгилешкенин тастыктаган *(I бап 1.2. бөлүм).*

***4-жыйынтык.*** Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгын изилдөөдө, жогорку билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө арналган көптөгөн расмий чечимдер, мыйзамдар, улуттук программалар, концепциялар, өз ара кызматташтыктын булактары катары илимий изилдөөгө алынып диссертация-

нын мазмунунда кеңири пайдалангандыгы илимий жыйынтыктардан көрүнүп турат *(II бап,1- бөлүм).*

***5-жыйынтык.*** Каралып жаткан теманы изилдөөдө бир катар архивдик булактар, мамлекеттик документтердин ченемдик-укуктук актылары, мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын Өкмөттөрүнүн токтомдору, Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү өкмөттөр аралык кызматташуу тууралуу келишимдери жана макулдашуулары билим берүүнү интеграциялоо процессине арналган бир нече документтер статистикалык материалдар баалуу тарыхый булак катары колдонулган жана методологиялык принциптер, изилдөө ыкмалары автор тарабынан туура пайдаланылган *(II бап 2- бөлүм).*

***6-жыйынтык.*** Диссертацияда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын бир катар абройлуу, аттуу-баштуу, билим берүү жаатында белгилүү болгон борбордук жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк мезгилдеги ар тараптуу байланыштары, эгемендүү, көз карандысыз эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын инженердик-техникалык жана социалдык-гуманитардык багыттагы кызматташтыгы, алардын пайда болуусу, өнүгүүсү жан келечеги ар тараптан иликтенген *(III бап 3.1, 3.2- бөлүмдөр).*

***7-жыйынтык.*** Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүү системаларынын интеграцияланышы негиздүү иликтенген. Диссертант эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын интеграцияланyуусу, анын олуттуу көрсөткүчү катар жана Кыргыз-Орус (Славян) университетинин ишмердүүлүгүн изилдеген. Ошону менен катар эле автор Кыргызстан менен Россиянын бир катар абройлуу жогорку окуу жайларынын байланыштарынын проблемалары жана келечеги терең изилдөөгө аракет жасалган *(IV бап 4.1, 4.2-бөлүмдөр).*

### 4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер кыргыз тарыхнаамэсинде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды, изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жакшы жыйынтыктар, алардын негизиндеги автордук корутундулар ырастаган. Ал жыйынтыктар жана корутундулар төмөнкүлөр:

***1-корутунду.*** “Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)” аттуу бул илимий ишти талдоого алуу принцибине таянуу менен проблемалык хронологиялык ыкманы пайдалануу аркылуу далилдеген, ошондой эле бул мезгилдердеги Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын зарылдыгын тарыхый-логикалык ыкманын жардамы аркылуу талдаган.

***2-корутунду.*** Эки өлкөнүн жогорку билим берүү окуу жайлары жаңы тарыхый шарттарды жана ааламдашуу жараянын эске алуу менен кызматташтыкты күчөтүүнү расмий, тарыхый булактардын жардамы менен талдоого алган. Изилдөөгө алынган проблеманын Кыргызстандын, Россиянын тарыхнаамесинде чагылдырылышы, изилдөөнүн теориялык методологиялык негиздери тарыхый-логикалык ыкманын жардамы аркылуу талдаган.

***3-корутунду.*** Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын рыноктук шартта өнүгүшүнүн себептери, алардын мурдатан

бир системада, бир өлкөдө тарыхый тыгыз карым-катнашта болгондугу жана Россия Федерациясы Кыргызстанда адистерди даярдоодо ар тараптуу чоң жардам көрсөтүп келгендиги жана Россиянын дүйнөлүк билим берүү системасында да бир канча артыкчылыктарга ээ экендигин көрсөткөн.

*4-корутунду.* Кыргызстандагы жана Россиядагы билим берүү системасынын абалы, өнүгүшү, реформалардын ишке ашырылышы, укуктук-ченемдик документтердин кабыл алынышы, ынанымдуу расмий булактардын жардамы менен далилденип жазылган. Алардын иш жүзүндө аткарылышы илимий изилдөөгө алынып, алардын илимий баалуулуктары аныкталган.

*5-корутунду.* Изилдөөчү теманы жазууда Россиянын жогорку окуу жайлары жаңы шартта, ааламдашуу жараянына алкагында, бир канча тажрыйбага ээ экендигин көрсөтө алган. Россиянын бул жаатта жүргүзүлгөн реформалары Кыргызстандын билим берүү системасындагы аракеттери, тажрыйбасы, алардын Болон процессине интеграцияланышына, Россия Федерациясынын ресурстук жардамынын жана тажрыйбаларынын маниси чоң экендигин көрсөткөн.

*6-корутунду.* Диссертант эки өлкөнүн бир катар борбордук жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк мезгилдеги инженердик-техникалык жана социалдык-гуманитардык багыттагы кызматташтыгын, көп кырдуу байланыштарын, алардын өнүгүүсү жана келечеги ар тараптан иликтеп, тастыктаган.

*7-корутунду.* Автор Кыргыз Республикасы, Россия Федерациясынын билим берүү жаатындагы интеграциялануу жараянын натыйжасын, омоктуу көрсөткүч катары жана Кыргыз-Орус (Славян) университетинин ишмердүүлүгүн ынанымдуу изилдепген. Ошону менен катар эле диссертант эки мамлекеттин бир катар жогорку окуу жайларынын байланыштарынын көйгөйлөрүн, алардын келечегин ынанымдуу ачып берүүгө аракет жасаган.

## 5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык дэңгээли жогоруда айтылган эксперттик корутундунун беренелеринде кыйыр чагылдырылган. Ошол эле учурда принципиалдуу жаңычылдык катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

***1-жыйынтык* жаңы**, себеби эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстан өз алдынча мамлекет болууга жетишкени тарыхый факт. Жаңы доордогу Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын жогорку билим берүү жаатындагы кызматташуусу, рыноктук экономиканын шартында, мезгил талабына жараша эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы, интеграцияланышы жана ар тараптуу байланыштарын иликтөөгө алуу автор тарабынан аткарылган илимий иштин негизги **жаңычылдыгы** катары эсептөөгө болот. Бул тема камтыган хронологиялык мезгил тарых илиминде диссертациялык деңгээлде мурда комплекстүү изилденген эмес.

***2-жыйынтык* жаңы,** анткени Кыргызстандын бир катар жогорку окуу жайларынын 1991-2011-жылдардагы Россия Федерациясынын ири, беделдүү окуу жайлары менен активдүү, ар тараптуу байланыштары өлкөнүн жогорку окуу жайларынын илимий, окуу-усулдук жана ресурстук дараметин арттыруу менен кесиптик билим берүүнүн сапатын жакшыртууга салым кошкон. Мисалы: ММУ, ММТУ, РЭУ, РЭДУ, АМТУ, НМУ, С(Я)Р МПА, ТМУ, ТАСБРЭИ, ММОТИ ж.б. менен кызматташтыкты түзүшү жана турмушка ашырылышы, диссертанттын

изилдөөсү камтыган жылдарда кыргыз тарыхында комплекстүү, ар тараптуу изилдениши, илимий иштеги **жаңычылдык** болуп саналат.

***3-жыйынтык*** **негизинен жаңы.** Кыргызстандын эгемендүү мамлекет катары өнүгүүсүндө, изилденген маселелер өлкөнүн жалпы өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизээрин диссертацияда каралышын, илимий иштин **жаңычылыгы** катары эсептөөгө болот. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын ортосундагы ар тараптуу жана тыгыз кызматташтык эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграция процессин тездете алды жана Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүнүн эл аралык билим мейкиндигине кошулуусунда маанилүү этап катары иликтенген. Демек, бул таризде да илимий иштин **жаңычылыгын** айгинелеп турат.

***4-жыйынтык*** **жарым-жартылай жаңы.** Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы илимий байланыштардын активдешүүсү, илимий ишмердүүлүктүн интеграцияланышы фактылык материалдардын негизинде далилденген. Өз кезегинде булар ата мекендик тарыхнаамэни байытаары шексиз. Ошондуктан диссертациянын бул бөлүгүн айрым бир жаңы фактылар менен коштолгондугуна байланыштуу **жарым-жартылай жаңы** деп баалоого болот.

***5-жыйынтык*** **ири жаңы.** Анткени, мурда Кыргыз-Россия (Славян) университетинин жогорку кесиптик билим берүүдөгү өзүнүн көп кырдуу ишмердүүлүгү, эки өлкөнүн жогорку билим берүү жаатындагы өз ара байланыштын үзүрү, үлгүсү, Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын интеграциялык багыттагы иш-аракеттеринин жемиши катары комплекстүү түрдө, диссератциялык деңгээлде изилденген эмес. Ошондуктан, диссертациянын бул бөлүгүн **ири жаңычыл** деп баалоого болот.

***6-жыйынтык*** **дээрлик жаңы.** Анткени къз карандысыз Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара кызматташтык келечектүү экени шексиз. Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынан кесиптик билим алган Кыргызстандыктар өлкөнүн эмгек рыногунда бир топ артыкчылыкка ээ болууда. Ошондой эле 2015-жылы Кыргызстандын Евроазиялык Экономикалык Союзга мүчө болуп кириши, билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташууларга да ыңгайлуу шарттарды түзүп, багыттарын кеңейтүүгө өбөлгө түзө алган. Россиянын белгилүү университеттеринин бир катар филиалдарынын Кыргызстанда ачылышы, 2020-жылы М.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин филиалынын Ош шаарында ачылуусу да, изилдөөгө алган мезгилдеги кызматташтык жаатынын жемиши, өнүгүүсү катары карасак болот. Демек, бул өңүттөн караганда диссертациялык иштин **дээрлик жаңычылдыгын** баамдоого болот.

***7-жыйынтык*** **жаңы.** Анткени диссертанттын Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы, байланышы, интеграциясы жөнүндөгү илимий тыянактары, пикирлери, ар тараптуу анализ жасоого аракеттер болгон. Эмгекте эки өлкөнүн расмий документтери, статистикалык маалыматтары да кеңири пайдаланылган. Диссертант бул багытта иликтөөдө бир топ жаңы документалдык иликтөөлөр, тарыхый булактар менен далилдүү фактыларды келтир генин эске алуу менен **жаңы** деп баалоого болот.

**6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертанттын даярдаган иши, жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде эгемендүү Кыргыз Республикасынын менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү жаатындагы кызматташтыгынын тарыхнамэсин, тарыхый булактар базасын, изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин, жогорку билим берүү жаатында кызматташуунун негизги багыттарын, ийгиликтерин, келечегин хронологиялык ырааттуулуктагы өнүгүү динамикасын архивдик материалдардын, тарыхый булактардын, расмий документтердин, эл аралык укутук-нормативдик ченемдердин негизинде **"Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)""** аттуу комплекстүү изилденген илимий эмгек болуп эсептелет. Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган тарыхый фактылар, ички расмий жана эл аралык укуктук-ченемдик документтер менен негизделген. Автордун **жекече салымы** катары аталган маселе боюнча документалдуу булактар, тарыхый фактылар ар тараптан изилдөөгө, талдоого алынып, жыйынтыгында эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү жаатындагы бир катар жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы, алардын өнүгүү жараяны, пайда болгон көйгөйлөрүнүн чечилиши, кызматташтыктын келечеги такталды.

Диссертант көз карандысыз Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясы менен жогорку билим берүү жаатындагы кызматташтыгын турмушка ашыруудагы ар тараптуу иш аракеттерин, аталган маселелердин эл аралык дипломатиялык мамилелердин алкагындагы макулдашууларын, эки тараптуу келишимдерин жана расмий дипломатияга таянган аракеттерин, алардын иштиктүү натыйжаларын, тарыхчылардын көңүл чордонунун сыртында калып кеткен бир топ маселелерди ар тараптуу, комплекстүү иликтөөгө алганы байкалды.

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын **"Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)"** аттуу 02.00.07 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча даярдалган диссертациясы аталган маселелерди комплекстүү изилдеген илимий эмгек болуп саналат.

### 7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.

Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тарыхнаамэсине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү жаатындагы кызматташтыгын изилдөө боюнча жүргүзүлгөн иликтөөнүн натыйжалары, берилген сунуштар жана жыйынтыктар, теориялык жана практикалык жактан белгилүү деңгээлде баалуу болуп саналат. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын бир катар жогорку окуу жайларынын кызматташуусунун пайда болуусу, алардын турмушка ашырылышы жөнүндө кеңири маалыматтар камтылат. Изилдөөдө көтөрүлгөн маселелер, талдоого алынган жоболор, системалаштырылган фактылык материалдар, берилген тыянактар менен сунуштар, Кыргызстандын соңку тарыхы боюнча илимий эмгектерди жазууда тарыхнаамалык багыт бере алгандыгы менен зор мааниге ээ.

Илимий иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары Кыргызстандын Россия менен билим берүү жаатындагы кызматаштыгын өркүндөтүүгө, андагы маселелерди чечүүгө, бул тараздеги эки өлкөнүн ишмердүүлүгүнө, социалдык-экономикалык маселелерди чечүүгө багытталган билим берүү саясатын, программаларын, долбоорлорун иштеп чыгууда, андан сырткары окуу жайлар үчүн окуу

куралдарын түзүүдө, атайын курстарды окутууда жана Ата Мекен тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн жыйынтыктарын аталган проблема менен алектенген ведомстволорго сунуштаса болот.

Диссертанттын даярдаган иши Кыргызстан-Россия жалпы байланыштарынын коомдук-маданий, илимий-социалдык өнүгүшүнүн аспекттерин комплекстүү чагылдырууда, окуу жайлардын байланыштарын оптималдаштыруу жараянында жаңы шарттардагы кызматташтыкты өнүктүрүүдө, жогорку окуу жайлардын интеграциялоо жаарянын турмушка ашырууда практикалык мааниси бар эмгек катары пайдаланууга болот.

Изилдөөдөгү маалыматтар эки өлкөнүн студент жаштарынын арасында достукту, ар тараптуу кызматташтыкты, интернационалдык духта тарбиялоодо пайдаланууга көмөк көрсөтө алат. Кыргызстандын жана Россиянын мындан ары жогорку окуу жайларынын кызматташтыгында, окуу жайдын байланыштарын оптималдаштыруу жараянында, аларды өнүктүрүүдө, интеграциялоодо практикалык мааниси бар.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:

**1.** *Алыкулова Г.К.*Становление и развитие высшей школы в Кыргызстане. [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Социальные и гуманитарные науки №1-2. – 2010. - Бишкек. – С.19- 23.

**2.** *Алыкулова Г.К.*Кыргызско-Российские связи в сфере высшего образования [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Экология и жизнь : сборник статей XXII Международной научно – практической конференции. – 2012. - Пенза. – С.117-120

**3.** *Алыкулова Г.К.*Из истории становления кыргызско-российских связей в сфере высшего образования[Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Вестник” КГУ имени И. Арабаева. №3. – 2012. - Бишкек. – С.84-87.

**4.** *Алыкулова Г.К.* Международное сотрудничество в современном образовательном пространстве [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Вестник” КНУ имени Ж.Баласагына. – Выпуск 1. 2013. - Бишкек. – С.108 – 112.

**5.** *Алыкулова Г.К.* Рынок шартындажогоркуокуужайлардыреформалоо [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Актуальные проблемы социально – экономического и правового образования”: Посвящ. году укрепления кыргызской государственности. – 2015. - Бишкек.- С.35-37.

**6.** *Алыкулова Г.К.* Кыргызстандын өткөөл мезгилдеги билим берүү жаатындагы мамлекеттин саясаты [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Актуальные проблемы социально – экономического и правового образования”: Посвящ. году укрепления кыргызской государственности. – 2015. - Бишкек.- С.29-35

**7.** *Алыкулова Г.К.* Кыргыз Республикасы менен Россия: жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Казак тарихи” №8 (139). - 2015. - Алмата. – С.31 – 33

**8.** *Алыкулова Г.К.* Кыргызстан – Россия: сотрудничество в сфере образования [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №7. – 2018. - Бишкек. – С.192-196.

9. *Алыкулова Г.К.* Образовательные связи Кыргызстана и России [Текст] / Г.К Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №7. – 2018. - Бишкек. – С.185-189.

10. *Алыкулова Г.К.* Кыргызстан – Россия: жогорку окуу жайлар алкагындагы байланыштары (1991-2011-жж.) [Текст] / Г.К. Алыкулова. – Бишкек: 2018. – 166 с.

11. *Алыкулова Г.К.*Академическая мобильность – одно из направлений международной интеграции образования [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №8. – 2018. – Бишкек. – С.125-129.

12. *Алыкулова Г.К.*Октябрская революция и образование в Кыргызстане [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №8. – 2018. – Бишкек. – С.121-125.

13. *Алыкулова Г.К.* Углубление сотрудничества – основное направление развития образовательной интеграции в условиях глобализации [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Актуальные вопросы образования и науки. Научный журнал, №1 (67). – 2019. – Архангельск. - С.80-85.

14. *Алыкулова Г.К.* Международные образовательные связи Кыргызстана [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Актуальные вопросы образования и науки. Научный журнал, №1 (67). – 2019. – Архангельск. - С.76-80.

**10. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Бирок кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттардын котормосу кээ бир тактоолорду, редакциялоону, корректировкалоону талап кылат. Автореферат кыргыз, орус, англис тилинде окшош, бири-бирине шайкеш резюмелер менен жабдылган.

**11. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Эксперттик комиссия диссертант Г.К.Алыкулованын илимий изилдөөсүнүн жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар эле айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ экендигин белгилейт. Аларды атоо менен изденүүчүгө, анын илимий жетекчисине бир катар сунуштарды, кеңештерди берүү зарыл деп ойлойбуз:

1. Диссертациялык теманын актуалдуулугун дагы толугураак, тагыраак, олуттуу, ынанымдуу түрдө негиздөө керек. Диссертацияда чагылдырылган актуалдуулук жөнөкөй болуп, анча ынанымдуу болбой калган.

2. Диссертациянын документалдык баяндамаларында диссертант негедир Россия Федерациясынны расмий документтерине *(мыйзамдарына, жоболоруна, келишимдерине, протоколдоруна, долбоорлоруна ж.б.)* көбүрөөк көңүл бөлүп, Кыргыз Республикасынын тиешелүү министрлигинин, жогорку окуу жайларынын бул жааттагы расмий документтери изилдөөчүнүн көңүл чордонунан сыртта калып кеткендей. Мисалы, “**XXI кылымдын кадрлары**” президенттик билим берүү программасы, **«Билим»** улуттук программасы, Кыргыз Республикасынын **“Билим берүү Доктринасы”**, **“2010-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясы”** сыяктуу бир катар расмий документтер, изилденген жогорку окуу жайлардын эл аралык катнаштары боюнча концепциялары, программалары, долбоорлору кеңири иликтөөгө алынган эмес. Менин пикиримде бул актай калган барактарды толуктоо керек.

3. Диссертацияда негизинен Кыргыз Республикасынын борборундагы ири, аттуу-баштуу жогорку окуу жайлар эле камтылып, областтык борборлордогу окуу

жайлардын РФ жогорку окуу жайлар менен катнашы камтылбай калган. Изилдөө мезгилинде ОшТУ, ОшМУ, ОшКӨУ, ЖАМУ, Ысык-Көл университети, Талас университети да бул жаата олуттуу ийгиликтерге жетишкени маалым. Алар жөнүндөгү маалыматтар ББИМ архивинде, КР МБА фонддорунда сакталып турат.

Тилекке каршы, тема Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы деп аталдганына карабастан. Диссертацияда бир да РФ архивдик документтерине шилтеме жок. Эгер эмгекте Россиянын архивдик документтери каамтылса абдан жакшы жана толук изилдөө болмок.

**4.** Архивдик фонддорду тактоо жана толуктоо зарыл. Диссертацияда көрсөтүлгөн КРПА. Ф.1. Оп.5. Д.382 кайсы архив – Президенттик же парламенттик архивби? Эгерде саясий документациялар архиви болсо КР БМСДА (ЦГАПД КР) болуш керек. Мындан башка жогорку билим берүү жаатын изилдеп жатып КР ББИМ, изилденген жогорку окуу жайлардын өздүк (текущий) архивдеринин документтерин колдонбогону таң калыштуу көрүнүш экенин баса белгилейбиз.

Биздин пикирде, жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлчүштүктөр оёдолсо, толукталса диссертациянын жалпы маани-маңызына, анын илимий баалуулугуна анча таасирин тийгизбейт. Диссертациялык иш илимий деңгээлде, тарыхый маалыматтарга бай, жаңы көз караш менен жазылган. Автордун жетишкендиктери катары анын бир топ жаңы булактар менен чогултулган эмпирикалык материалдарды илимий айлампага киргизгендигин айтууга болот.

**12. Диссертациялык коргоого жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Эксперттик комиссия Алыкулова Гүлбү Корошовнанын **“Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)”** аттуу 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын, жогорудагы мүчүлүштүктөрдү жана сунуштарды эске алуу менен ачык коргоого сунуш кылат

**Жетектөөчү мекеме** катары Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети сунуш кылынат. Анткени, аталган окуу жайында Ата Мекен тарыхы боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, бир катар илимий эмгектерди жарыкка чыгарып келе жаткан окумуштуулар жамааты эмгектенет. Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин «Кыргызстандын жана чет элдик Чыгыштын тарыхы кафедрасында» 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча профессордук наамдарды алган окумуштуу – педагогдор иштешет.

**Биринчи расмий оппонент катары** 07.00.02-Ата Мекен тарыхы, 07.00.09.-Тарыхый булактаануу, тарыхнаамэ жана тарых илимин изилдөөнүн ыкмалары адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор **Байболот Капарович Абытов.** Аталган окумуштуунун эгемендүү жана көз карандысыз кыргыз мамлекетинин, ОшМУнун 80 жылдык тарыхы ж.б. багыттар боюнча бир катар олуттуу эмгектери жана илимий макалалары бар.

**Экинчи расмий оппонент катары** 07. 00. 02. – Ата мекен тарыхы илиминин адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты,профессор Джоробекова Айнур Эшимбековна сунушталат. Аталган окумуштуунун Кыргызстандын эл аралык байланыштары боюнча эмгектери жана илимий макалалары бар.

Эксперттик комиссиянын курамы Алыкулова Гүлбү Корошовнанын “Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-

жж.)" аттуу 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнч тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу, сунуштарды эске алуу шарты менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.07.20.624 Диссертациялык Кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор Б.К. Абытов.**

Эксперттин кол тамгасын тастыктайт:
**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы**
**тарых илимдеринин доктору А.К. Карыева**

**Алыкулова Гүлбү Корошовнанын “КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН РОССИЯНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН КЫЗМАТТАШТЫГЫ (1991-2011-жж.)” аттуу 07. 00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясына карата И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.20.624 Диссертациялык Кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркулдун**

**КОРУТУНДУСУ**

Д.07.20.624 диссертациялык Кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркул изденүүчү **Алыкулова Гүлбү Корошовнанын** 07. 00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **“Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)”** деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Алыкулова Гүлбү Корошовна тарабынан жазылган «**Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)»** деген темадагы кандидаттык диссертациясынын жалпы мазмуну 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча ведомстволор аралык Д.07.20.624 Диссертациялык кеңешине коргоо укугу боюнча адистикке туура келет.

Диссертациялык иште 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет. Диссертациялык иш архивдик материалдын, мамлекеттик документтердин, эки өлкөнүн окумуштууларынын илимий эмгектерин, массалык маалымат каражаттарына чагылдырылган материалдарды, Кыргызстан менен

Россиянын жогорку окуу жайларындагы реформалардын, кызматташтыктардын калыптанышы, өнүгүшү, интеграциялануусу көйгөйлөрү боюнча комплекстүү түрдө изилдеп илимий жыйынтыктар чыгарылган.

Диссертациянын шифрине изилдөөнүн мазмуну толук жооп берет.

**Диссертациянын негизги максаты болуп** - Россия менен Кыргызстандын эгемендүүлук, рыноктук шарттагы жогорку окуу жайларынын ортосундагы байланыштардын багыттарын, жана бул тармактагы интеграциялык процессинин ишке ашуусун илимий изилдөө жана талдоо болуп саналат.

**Коюлган максат төмөнкү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

- Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара кызматташтыгынын тарыхнамессине, булактык базасына жана методологиялык негиздерине токтолгон;
- Кыргыз - Орус (Славян) университетинин (КОСУ) кызматташтыгын изилдөөгө алган;
- Эки мамлекеттин жогорку окуу жайларынын инженердик-техникалык жана социалдык- гуманитардык кызматташтыгын изилдеген;
- Жогорку окуу жайларынын кызматташуусунун перспективасындагы жаңы багыттарды сунуштады жана жыйынтыктарды иштеп чыккан.

**Изилдөөнү объектиси:** 1991- 2011- жылдар аралыгындагы эки мамлекеттин жогорку окуу жайларынын өз ара, кызматташтыгы.

**Изилдөөгө аланып жаткан теманын предмети** катары 1991-2011-жылдар аралыгындагы эки өлкөдөгү жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштардын багыттары жана интеграциялык процесстер, жетишкендиктер жана алардын перспективасы, көйгөйлөр илимий тандоого алынган.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** Жалпы тарыхый методдор болгон тарыхый салыштырма, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-типологиялык ыкмалар. Анткени, 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ортосундагы өз ара кызматташтыкты изилдөөгө алууда иликтөөгө алган маселелерди конкреттүү тарыхый өңүттөн кароого мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган:**

Кайсы өлкөдө болбосун, жогорку кесиптик билим берүү адамзаттын өнүгүүсүндөгү бир критерийи катары алдыңкы орунга коюлуп келет. Өлкө эгемендик алгандан кийин билим берүүдө ачыктык, эл аралык стандарттарга умтулуу башталган. Кыргызстандын 1991-жылдан 2011-жылга чейинки жаңыланууга багыт алган тарыхый мезгилинде жогорку билим берүү тармагындагы татаал тандоону, тобокелдикке баруу жана кризиске кабылуу сыяктуу оор шарттар менен коштолгон. Мындай шартта Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн эл аралык мейкиндикке кошулуусуна Россия Федерациясы жана анын өлкөбүзгө интеллектуалдык, гуманитардык жана материалдык колдоо көрсөтүп кандайдыр бир көпүрө катары да милдет өтөгөн.

1991-жылдан 2011-жылга чейинки мезгилдеги тарыхый орду өзгөчө мааниге ээ болгон. Эки өлкө ортосундагы жогорку билим чөйрөсүндөгү өз ара байланыштар Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, өлкөлөрдүн мамлекеттер аралык ар тараптуу кызматташуусунда чоң роль ойногон. Бул аралыкта Россиянын алдыңкы жогорку окуу жайларынан Кыргызстандык миңдеген уландар жана кыздар өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зарыл болгон заманбап адистиктер боюнча кесипке ээ болушкан.

Мына ушул жагдайлар тарыхый жактан илимий талдоону талап кылгандыктан, диссертациялык эмгектин объектиси катары тандалып изилдөөгө алынган.

**3. Илимий жыйынтыктар.**

Эксперттик комиссиянын назарына коюлган диссертациялык изилдөөдө Ата Мекендик тарых илиминин өнүгүшүнө бир катар жаңы теориялык илимий-практикалык тарыхнаамелик жыйынтыктар чыгарылган. Алар биздин оюбузча төмөнкүлөр:

**1-жыйынтык.** Изденүүчү Г. Алыкулова Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ЖОЖдорунун кызматташтыгынын эгемендүүлүк доорунда калыптанышын, өнүгүшүн, архивдик булактарды, статистикалык маалыматтарды илимий анализге алып теманын актуалдуулугун эмгектин киришүү бөлүгүндө көрсөткөн.

**2-жыйынтык.** Теманын көп аспективдүүлүгү ар кандай багыттагы илимий адабияттарды, отчеттук материалдарды талдоону жана анализди талап кылган. Биринчиден, эки өлкөнүн ЖОЖдор ортосундагы өз ара байланыштар маселесине арналган илимий изилдөөлөрдү талдоо болсо экинчиден бул кызматташтыктын жыйынтыктары катары жогорку билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграцияланышына арналган илимий адабияттарды да карап чыккан.(I бап 1.1. бөлүм).

**3-жыйынтык.** Ата Мекендик жана Россиянын тарыхнаамесинде бул маселе атайын комплекстүү түрдө изилдөөгө алынбаган. СССРдин алкагында бирдиктүү системанын, бир саясаттын негизинде өнүккөн жогорку билим берүү, эгемендүүлүк доорунда жаңы коюлган проблемаларга туш болгон. Ааламдашуу процесси жаңы мамилелерди кызматташтыкты өтө тездик менен өнүктүрүүгө муктаж кылган. Ошондуктан, илимий изилдөөнү жаңы багытта жүргүзүүнү талап кылган.

**4-жыйынтык.** Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгын изилдөөдө жогорку билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө

арналган көптөгөн расмий чечимдер, мыйзамдар, улуттук программалар, концепциялар, илимий изилдөөгө алынып диссертациянын мазмунунда кеңири пайдаланылгандыгы илимий жыйынтыктардан көрүнүп турат. (II бап, 1-бөлүм).

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Эмгекте чыгарылган илимий жыйынтыктарды, корутундуну, пикирлерди ынанымдуу жана аргументтүү түрдө далилдеген. Илимий ишке пайдаланылган материалдар, маалыматтар изилдөөдө колдонулган ыкмалар иштин максатына жана милдеттерине жетүүдө автордун корутундусунан көрүнүп тургандай жакшы жыйынтыктарды бере алган.

**1-жыйынтык**. Эмгек илимий ишти талдоого алуу принцибине таянуу менен проблемалык хронологиялык ыкманы пайдалануу аркылуу далилденген, Кыргызстандын жана Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгынын зарылдыгын тарыхый-логикалык ыкманын жардамы аркылуу талдаган.

**2-жыйынтык**. Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгынын рыноктук шартта өнүгүшүнүн себептери, алардын бир өлкөдө тарыхый тыгыз карым-катнашта болгондугун жана Россиянын Кыргызстанда кадрларды даярдоодо чоң жардам көрсөтүп жана Россиянын дүйнөлүк билим берүү системасында бир канча артыкчылыктарга ээ экендигин көрсөткөн. (1.1. 1.2)

**3-жыйынтык.** Кыргызстандагы жана Россиядагы билим берүү системасынын абалы, өнүгүшү, реформалардын ишке ашырылышы, мыйзам ченемдик документтердин кабыл алынышы ынанымдуу расмий булактардын жардамы менен далилденип жазылган. (2 бап. 1-параграф)

